УДК: 81,255:811.161.1:811.111.

Кадыркулова Ф. Д.
К. фил. н., профессор
Бишкекский Гуманитарный университет им. К.Карасаева
тел.:0552988887, e-mail: f.kadyrkulova@bhu.kg

ИЛИМИЙ-ТЕХНИКАЛЫК ТЕКСТТЕРДЕГИ АНГЛО-АМЕРИКАНИЗМДЕРДИН КОТОРУЛУШУ

ПЕРЕВОД АНГЛОАМЕРИКАНИЗМОВ В ТЕКСТАХ НАУЧНО-ТЕХНИЧЕСКОЙ ЛИТЕРАТУРЫ

TRANSLATION OF ANGLO-AMERICANISMS IN THE TEXTS OF SCIENTIFIC AND TECHNICAL LITERATURE

Аннотация: *Бул макалада англо-американизмдерди орус тилинен англис тилине которуу өзгөчөлүгү каралат. Ошону менен бирге англо-американизмдердин, интернационализмдердин которулушуна талдоо жүргүзүлөт. Макаланын актуалдуулугу илимдин, техниканын өнүгүшү жана адекваттуу котормо менен байланышат.*

Түйүндүү сөздөр: *котормо, англоамериканизмдер, илимий-техникалык өнүгүү, маалымат, транслят.*

Аннотация: *В статье рассматриваются особенности перевода англоамериканизмов с русского языка на английский язык. Данная статья представляет собой лингвистический анализ перевода англоамериканизмов, интернационализмов. Актуальность статьи связана с развитием науки и техники и его адекватным переводом.*

Ключевые слова*: перевод, англоамериканизмы, научно-техническое развитие, информация, транслят.*

The article deals with peculiarities of translation of Anglo-Americanisms from Russian into English. This article represents linguistic analysis of translation of Anglo-Americanisms, internationalisms. The actuality of the article is connected with the development of science and technology and its adequate translation.

Keywords: *translation, Anglo-Americanisms, scientific and technical development, information and translit.*

Азыркы мезгилде илим жана техниканын өнүгүшү өлкөлөр арасындагы илимий-техникалык маалыматтар менен үзгүлтүксүз алмашуусу менен коштолот. Илимий-техникалык өнүгүштүн кылымы илимий-техникага байланыштуу адабияттардын көлөмүнүн көбөйүшү менен мүнөздөлөт. Акыркы сегиз жылда дүйнөлүк илимий-техникалык адабияттардын жалпы көлөмү эки эсе жогорулады. Ошентип, илимий-техникалык маалыматтын үлгүлүү көрүнүшү, чет элдик тажрыйбанын өздөштүрүү жана жайылтуу системасы – техникалык прогресстин максималдуу тездөөсүнүн жана өндүрүштү уюштурууну жакшыртуунун маанилүү шарттарынын бири болуп саналат. Ошону менен бирге илимий-техникалык маалыматтар менен алмашуу чон саясий маниге ээ, б.а., өлкөлөр ортосундагы экономикалык байланыштардын бекемделишине, илим-техникадагы мамилелердин өнүгүшүнө өбөлгө түзөт.

Чет элден келген илимий-техникалык адабияттардын көлөмүнүн көбөйүшү менен аларды эне тилине которуу үчүн атайын котормочулар талап кылынат, атайын техникалык маалыматтар менен алмашууну камсыз кылган каражат катары техникалык котормонун ролу жогорулайт.

«Котормо» сөзү эки мааниде колдонулат: 1) котормо – башка бир тилде туюндурулган *билдирүүнү* берүүдөгү тилдик ишмердүүлүктүн өзгөчө түрү; 2) котормо – котормо ишмердүүлүгүнүн натыйжасы. Котормо

процессинин натыйжалары которулган көркөм чыгармалар же илимий-техникалык адабияттар болуп саналат. Котормо – котормо ишмердүүлүгүнүн натыйжасы катары – түп нуска текстти башка тилдин жардамы менен мазмуну жана формасы сакталып кайрадан жаратуу. Азыркы мезгилде котормо теориясында бул маани «транслят» деген термин аркылуу берилип келет.

Транслят - котормо процессинде жаралып, өзүнүн мыйзамдары боюнча жүрүп, белгилүү бир эрежелерге багынат.

Котормочу бул мыйзамдарды жана эрежелерди билүүсү зарыл, котормо процессинин табиятын түшүнүп, жалпы эле котормо теориясынын негизги жоболорун өздөштүрүүсү керек. Теорияны түшүнүү менен түп нуска текстти аң-сезимдүү түрдө талдоого, транслят түзүүдө тигил же бул конкреттүү ыкмаларды тандап алууга жардам берип, так котормону жаралышын камсыздайт.

Ар бир тилде ой-жүгүртүү ошол тилдеги өзгөчөлөнгөн белгилүү бир мыйзам ченемдүүлүккө баш ийет, ар бир тил өзүнүн ички мыйзамдарына ылайык өнүгөт, ой жүгүртүүдөн айырмаланып, ар кандай тилдердеги бир эле түшүнүк ар кандай тилдик каражаттар аркылуу туюнтулат. Мисалы, жыйырма төрт саатка туура келген мезгил аралыгын билдирген түшүнүк, б.а., күн-түн узактыгы орус тилинде *сутка* деген бир эле сөз менен берилсе, немис тилинде *Tag und Nacht – 24 Stunden* деген сөз айкаштары, англис тилинде *day, night, daily, 24-hours* же*24-hour* деген бир катар эквиваленттер аркылуу туюндурулат.

Тигил же бул түшүнүктү билдирген сөздөр башка бир сөздөр менен айкашып келип, таптакыр башка мааниге ээ болушу да мүмкүн, б.а., белгилүү бир белгилери боюнча ошол түшүнүк тиешелүү болгон топко кирсе, ал белгилер жоюлуп башка бир түшүнүктөргө ээ болот. Тагыраак айтканда, бул сөздөр ар бир учурда ар кандай которулат. Алсак, орус тилиндеги *плита* сөзү - жалпак, тик бурч формасындагы металлдын, таштын же башка материалдын бөлүгүн билдирет. Ал эми немис тилинде бул түшүнүк *Platte, Fliese, Tafel* деген сөздөр менен туюндурулат. Ушул эле сөздөр газ деген зат атооч сөз менен айкашып, *газ плитасы* – үстү металл менен жабдыкталган ашкана буюмун туюндуруп калат. Бул түшүнүк немис тилинде *Gasherd* деген татаал сөз менен берилет.

Орус тилиндеги *ручка (калем, кармооч)* немис тилине ар бир учурда ар кандай мааниде которулат: *дверная ручка* (*эшиктин кармагычы) –Klinke*, *рукоятка (сап, тутка) - Griff, ручка посуда (идиштин кулагы, кармагычы) - Henkel, ручка для вращения (айлантуучу тутка) – Kurbel*. *Шариктүү* деген сын атооч менен айкашып, *шариковая ручка (шариктүү калем)Kugelschreiber* деген сөз менен которулат.

Демек, түп нусканы өзүнчо сөздөр менен которууга болбойт, тагыраак айтканда, кандай гана текст болбосун контекстке карап, сөздөр ортосундагы байланыштарды эске алып, котормонун негизги эрежелерине ылайык которуу керек.

Техникалык текстти которуп жатып туура жана сабаттуу берүү үчүн, котормочу азыркы котормо теориясынын негизги жоболорун жакшы билүү билүү менен бирге, төмөнкү жөндөмдөргө ээ болуусу зарыл.

1. Түп нуска текст таандык болгон тилдеги техникалык текстке мүнөздүү бардык лексикалык, грамматикалык жана фразеологиялык кубулуштарды жакшы билүү;

2. Бул кубулуштарды орус тилине которуу ыкмаларын билүү;

3. Ар бир жагдайга мүнөздүү болгон котормонун бир гана ыкмасын тандап алуу;

4. Маалыматтык булактарды пайдалана билүү;

5.Техникалык котормонун ар кандай түрлөрүн билүү жана аткара алуу;

6. Терминологиялык минимумдарды билүү;

Терминологияны билүү котормонун үстүндө иштөөдө гана маанилүү болбойт: азыркы мезгилдеги атомдук энергия, реактивдик техника, электроникаты ж.б. колдонуу менен менен байланышкан илимий-техникалык революция жүрүп жаткан шарттарда ар бир билимдүү адам белгилүү бир деңгээлде техникалык терминдердин минумумун өздөштүрүү менен бирге, алардын мааниси менен тааныш болуусу зарыл. Ошентип, илимий-технологиялык терминологияны которуу азыркы шарттарда өзгөчө мааниге ээ.

Көптөгөн адамдар жаны техника, турмуш-тиричилик буюмдарын жана ар кандай химиялык каражаттарды (шампунь, тазалоочу каражаттар ж.б.) сатып алуу жагдайында алардагы жазууларды өздөрү которууга туура келет, же чет тилин билген компетенттүү адистерге кайрылышат. Бирок көпчүлүк учурда бир катар адистер спецификалык илимий-техникалык материалдарды биле беришпейт. Эгерде,техникалардын көрсөтмөлөрү туура, так которулбаса, дезинформацияны жаратып, ар кандай жагымсыз жагыдайларга алып келиши мүмкүн. Алсак, кандайдыр бир химиялык каражаттын тиешелүү өлчөмү (дозасы) туура которулбаса, адамдын ден соолугуна залал келтирип же кандайдыр бир өзгөчө кырдаалды жаратат.

И.М.Соловьеванын белгилөөсү боюнча, «атайын котормо - атайын терминдердин эквивалентин сөздүк боюнча жөн гана тизип коюу эмес. Чындыгында, кээде гана же кокустан эле бир сөз экинчи бир тилде так эквивалент болуп келет. Бир дагы адам өзү түшүнбөгөн түшүнүктү тиешелүү деңгээлде которо албайт. Техникалык текстти тиешелүү билими жана техникалык ой-жүгүртүү жөндөмү бар адис гана туура которо алат... Котормочунун компетенттүүлүк деңгээли түп нуска тексттин мүнөзүнө жана материалына гана көз каранды болбостон, котормо тексттин кандай окурманга багытталганына да жараша болот» [АН СССР: Кафедра иностранных языков. Стилистико-грамматические черты языка научной литературы. -М.: Наука, 1970.с 197]. Ошондуктан мындай мүчүлүштүктөргө кабылбоо үчүн котормочу илимий-техникалык ар кандай жанрдагы адабияттарды которууда кыйынчылык жараткан эки тилдеги бардык тилдик кубулуштарды билүүсү керек. Алды менен, техникалык жана илимий-техникалык тексттерде көп кездешкен тилдик өзгөчөлүктөрдү (лексикалык, грамматикалык, стилистикалык) жана кубулуштарды аныктап алып, аларды которуудагы бардык варианттарга көңүл буруп, белгиленген өзгөчөлүктөрдү конкреттүү мисалдар (инструкция, гезит-журналдардан алынган макалалар, каталогдор, ойлоп чыгаруу патенти) аркылуу талдап, котормочунун негизги эрежелерин тактап алуу абзел.

Илимий-техникалык адабияттарды которууда башка тилдерден, англис, француз жана башка тилдеринен, өздөштүрүлгөн сөздөр көп кездешет. Мындай өздөштүрүү, өзгөчө, терминдерге мүнөздүү. илимий-техникалык прогресс, илим жана техникадагы жаңы ачылыштар жаңы сөздөрдү пайда кылып, интернационализм (эл аралык сөздөр) сөздөргө айланышат. Алсак,*Computer, Kybernetik, TV* деген сыяктуу сөздөр азыркы күндө бардыгына түшүнүктүү болуп, англис тилинен кабыл алынса да котормодо кыйынчылык туудурбайт. Белгилүү болгондой, англо-америка тилдеринен өздөштүрүү кеңири жайылган.

Чет тилдериндеги терминдерди өздөштүрүү белгилүү бир өлкөдө жаны нерсе иштелип чыкса патент алынса, илимий ачылыш болсо гана ишке ашат да, тил ал приоритетти бекемдейт. Мисалы, интернационализм сөздөрдүн тобуна кирген *спутник, космос* сыяктуу сөздөр буга далил боло алат.

Илимий тилде чет сөздөрүнүн колдонулушу ар кандай экени аныкталган. Аталган сөздөр көбүнчө химия, физика, кибернетика, генетика илимдеринде колдонулат. Оозеки тилде өздөштүрүү 8-12% гана түзсө, атайын терминологияда абдан көп кездешет. Англо-америка тилдеринен өздөштүрүүдө сөздөр немис тилине бир гана маанисинде өткөн: *der Breaker брекер (слой крышки – капкак катмары) der Gangway - трап.*

Англо-американизмдер немис тилиндеги зат атоочтор сыяктуу эле баш тамга менен жазылып, грамматикалык родду кабыл алышат. Англис тилинен грамматикалык родду өздөштүрүү ар түрдүү болот. Алсак, англис тилиндеги сөз немис тилинде да окшош уңгуга ээ болсо, ошол эле родду кабыл алат. Мисалы: *der Trank – der Drink*.

Ушул эле принцип менен грамматикалык род жана синонимдер да кабыл алынат: *Der Kampf – der Fight*.

Англо-американизмдер тигил же бул грамматикалык родду мүчөгө жараша кабыл алат. Мисалы, *-er, -ismus* мүчөлөрү менен аяктаган зат атоочтор мужской родко таандык болот: *derWash – Primer- реактив-дүү топурак; derTrawler – траулер* ж.б.

-ity, -ship, -ness, -cy мүчөлөрү менен аяктаган зат атоочтор женский родко таандык болот: *die Activity – активность*.

Абстракттык жана табиятты туюндурган зат атоочтор, ошондой эле *-ment, -ing* мүчөсү менен аяктаган зат атоочтор средний родду кабыл алат: *dasArrangement – жайгашуу, түзүлүш, монтаж*.

Көптөгөн англо-американизмдер немис тилинде колдонуу процессинде ассимиляция кубулушуна дуушар болуп, немис тилинин системасында тиешелүү сөздөр болсо да, чыгыш теги боюнча немис сөзүндөй кабыл алынат. Мисалы: *parken- унааны токтотуу; das Parken- унаа токтотуучу жай; testen – текшерүү; der Test- тест, текшерүү*.

Акыркы мезгилдерде англо-американизмдер жарнамалык тексттерде кенири кездешет. Жарнама – илимий-техникалык адабияттын бир түрү болуп саналат. Ошондуктан, жарнамалык тексттерде көп кездешкен бир катар өздөштүрүүлөр менен таанышууга туура келет.

Жарнамалык тексттер адам ишмердүүлүгүндөгү илим, техника, косметика, мода, үй тиричилиги жана музыка сыяктуу бардык чөйрөлөрүнө жана багыттарына тиешелүү. Ошону менен бирге информатикадагы *Begin-башталыш, End-аякталыш, Array-антенна торчосу, Integral - бүтүн сан* сыяктуу *таза* өздөштүрүүлөр менен катар бир компонентин немис, экинчисин англис тилиндеги сөз түзгөн татаал сөздөр да кездешет:*Campingbeutel – кемпинг үчүн баштык; Freeser муздаткыч*.

Жарнамалардан улам англис тилиндеги *super* деген негиз-сөз көп мезгилдерден бери илимий-техникалык адабияттарда сөз жасоочу кызмат аткарат. Мисалы: *superfein – абдан жука; dasSuperoxid –өтө кычкыл* ж.б.

Кездемелерде тазалаган химиялык каражаттардын, косметикалык каражаттардын аталыштарынын курамында англис тилиндеги d*ry – кургак* деген сөзү катышат. Алсак, *drycream – кургак териге колдонулуучу крем*.

Англо-американизмдерди которууда кыйынчылыктар жаралса, немис-орус сөздүгүн кароо керек, аталган сөздүктөн тиешелүү сөз табылбаса англис-орус сөздүгүнө колдонсо болот.

Адабияттар:

1. *Сабитова М.Т., Исина Г.И. «Теория перевода», Алматы, 1995.*
2. *Акуленко В.В. Интернациональные элементы в лексике и в терминологии. -Харьков, 1980.*
3. *Бруес Е.В. Основы теории и практики перевода с русского языка на английский. -М., 2000.*
4. *Казакова Т.А. Практические основы перевода. -М., 2002.*